Serahsî, 14 yıllık hapis hayatını ilimle uğraşarak verimli bir şekilde geçirmiştir. Kendisinin de belirttiği gibi *Muhtasaru'l-Kâfî*'yi şerh etmesi daha önce de istenmiş, hapse girince arkadaşları ve talebelerinin bu istekleri üzerine bu işe girişmiştir. Böylece 30 ciltlik devasa bir başyapıt eser meydana getirmiştir. Onun *el-Mebsût* isimli bu eseri, Hanefî fıkhını delilleriyle birlikte detaylı bir şekilde işleyen ve tahliller yapan mezhebin neredeyse tek kaynağı sayılmıştır.

Serahsî, el-Mebsût'ta belirttiğine göre hapiste kitaplarından mahrum edilmişti. Dolayısıyla klasik kaynaklarla onun bu eserini

tamamen hafızasından yazdırdığı görüş hâkim olmuştur. Ancak araştırmacılar başka ihtimali, yani öğrencilerin yanlarında kitaplarıyla gelme ihtimalini de bulundururlar. Buna göre talebesi asıl metni okur, hocası da şerh eder, öğrenciler da söyleneni imla ederlerdi. Bize göre de bu varyant daha makul gözükür. Nitekim el-Mebsût'un birçok yerinde İmam Muhammed'in eserlerinin farklı nüshalarından çalıştığını görmek mümkün.

Serahsî, kendi zamanına kadarki bütün mezhep birikimini eserlerinde tespit etmekle, İmam Muhammed'den sonra Hanefî fıkhının ikinci müdevvini olarak kabul edilir.

**Kaynakça**

Muhammed Hamidullah, DIA "Serahsî", XXXVI, Ankara 2009.

Abdulhayy el-Leknevî, "el-Fevâidu'l-Behiyye fî Terâcimi'l-Hanefiyye", Beyrut 1998.

Taşköprüzade, Tabakatü'l-Fukahâ, b.y.y. 1961.

İbn Kutluboğa, Tâcu't-Terâcim, Dârü'l-Kalem, Dimaşk 1992.

Abdülkâdir el-Kuraşî, el-Cevâhiru'l-Mudıyye Fî Tabakâti'l-Hanefiyye, Dâru'l-Ma'rif, Haydarabad 1332.

Merginânî, el-Hidâye Şerhu Bidâyetü'l-Mübtedî, (Leknevî'nin mukaddimesi), I, Pakistan 1995.

Serahsî, Usûl, (Ebu'l-Vefa el-Efgânî Önsözü), Dârü'l-Ma'rife, Beyrut 1973.

900. Ölüm Yıldönümü Münasebetiyle Büyük İslam Hukukçusu Şemsu'l-Eimme Es-Serahsî Armağanı, AÜ Basımevi 1965.

Omelyan Pritsak, "Karahanlılar" IA, VI, Maarif Basımevi, İstanbul 1955.

Erdoğan Merçil, Müslüman Türk Devletleri Tarihi, İstanbul 1985.

Abdülkerim Özaydın, "Karahanlılar" DİA, XXIV, Ankara 2001.

V.V. Barthold, Moğol İstilasına Kadar Türkistan, İstanbul 1981.

Serahsî, Şerhu Ziyadati'z-Ziyadat, Ebu'l-Vefa el-Efgânî neşri, Haydarabad 1348/1929.

Zeki Velidi Togan, Karahanlılar Tarihine Ait Bazı Kayıtlar, Türk Yurdu, V/11, s. 7-10.

Serahsi, Mebsut, Dâru'l-Ma'rife, Beyrut, b.t.y.

Serahsî, Mebsut (terc.Mustafa Cevat Akşit), Gümüşev yay., İstanbul 2008.

Nusret Çam, Kırgızistan'ın Özkent Şehrinde Serahsî'ye Atfedilen Mezar, Erdem, 2009, sayı:54.

Ömer Soner Hunkan, Türk Hakanlığı (Karahanlılar)'da Hanedan ve Bürokrat-Ulema Çatışması: İlk Bürokrat-Ulema İhtilali, TTK Yayınları, IX/15, Ankara 2010.

Oş Devlet Ünıversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
33. Sayı 2022

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
33-саны 2022

DOI:10.52754/16947673_2022_33_4

# Кыргызстанда дин сабагынын окутуунун негиздери жана дин сабагын окутууда дүйнөдө колдонулган моделдер

Жумабаев Максатбек*

## Абстракт

Бул макалада, акыркы мезгилде Кыргызстанда «дин сабагын» тактап айтканда “Дин маданиятынын тарыхы” предметин мектептерде окутуу боюнча коомчулукта айтылып келе жаткан ар кандай сунуш жана демилгелер талкууга алынат. Динди окутуу боюнча дүйнөлүк практикада колдонулган моделдер, дин таануу предметинин негиздери менен салыштырылып, учурда окутулуп жаткан предмет менен канчалык денгээлде айкалыша тургандыгы изилденет.

**Ачкыч сөздөр:** *Дин сабагы, окутуунун негиздери, окутуу моделдери*

# Foundations of Religious Education in Kyrgyzstan and Models of Religious Education Worldwide

## Abstract

This article will discuss the debates surrounding the newly introduced religious education, specifically the "History of Religious Culture" course, in middle schools in Kyrgyzstan and evaluate

* Ош МУ Теология факультетинин окутуучусу, e-mail: maksat2005@gmail.com

different perspectives on this matter. This article aims to investigate the educational models employed worldwide for the teaching of religious studies, examine the foundations of religious education, and explore the extent of compatibility between the current practices of religious instruction and these models.

**Key words**: religious education, educational models, foundations, the study of religious education.

**Киришүү**

2014-жылы Коргоо кеңешинде Дин чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты реформалоо жана диний уюмдарды тартипке келтирүү максатында атайын концепция иштелип чыккан.[1] Бул концепциянын негизинде Кыргызстандын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы жана мамлекеттик мекемелер тарабынан бир топ иш-чаралар аткарылган. Концепциянын эң негизги багыттарынын бири - бул дин таануу жана диний билим берүү тармагын реформалоо жана сапатын жогорулатуу болчу. Аны ишке ашыруу боюнча өкмөттүн

[1] “2014-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын КОНЦЕПЦИЯСЫ" (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2014-жылдын 14-ноябрындагы ПЖ № 203 Жарлыгы менен бекитилген)”, erişim: 04 Haziran 2023, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/68294.

буйругу чыгарылып мектептерде дин маданиятынын тарыхы предметин окутуу маселеси да каралган. Тема менен байланыштуу ар кандай талкуулар жүргүзүлүп, дин таануу жана диний билим берүү боюнча ар кандай жыйындар өткөрүлүп, жыйынтыгында бул предмет боюнча Билим берүү жана илим министрлигинин тапшырмасы менен эксперттик жана илимий коомчулуктун өкүлдөрү 9-класстар үчүн "Дин маданиятынын тарыхы" предмети боюнча окуу программасы жана окуу китебин иштеп чыккан.[2]

"Дин маданиятынын тарыхы" предмети пилоттук долбоор катары 2015-2016-окуу жылында 10 билим берүү мекемесинде, 2016-2017-окуу жылында 20 жалпы билим берүү мекемесинде сынактан өткөрүү үчүн киргизилген. Андан соң бул сабакты окута турган мугалимдер атайын окуудан өтүп 2017-жылдан баштап «Дүйнөлүк диндердин маданияты тарыхы» сабагы пилоттук негизде өлкө боюнча 56 мектепке киргизилген.[3]

Предмет боюнча тиешелүү каражаттар убагын берилбей, ал ортодо пандемия башталып кетип, бул предметти окуу

---

[2] (авторлор: И.Ш. Асланова, М.К. Иманкулов, Г.К. Исаева, Н.У. Курбанова, К.А. Курманалиев, З.Дж. Чотаев).

[3] Базаркулов Сайфулла Онорбаевич, "ИСТОРИЯ ПРЕПОДАВАНИЯ УРОК ЭТИКИ", *E-Scio*, 2 (53) (2021): 675-680.

жараяны убактылуу токтоп калган. Кийинчерээк министрлер кабинетинин чечими менен жалпы билим берүүчү мектептерде "Диндердин өнүгүү тарыхы" предметин киргизүү жана диний маданиятты жогорулатуу чөйрөсүндөгү сунуштарды иштеп чыгуу боюнча ведомстволор аралык жумушчу топ түзүлгөн.

Дин сабагын мектептерде окутуу маселеси, өлкөдөгү саясий экономикалык шарттарга ылайык коомчулукта ар кандай пикирлер айтылып,[4] талкууга алынып келе жаткан. Акырында бул предмет боюнча саясий чечим кабыл алынып, 2022-жылдын 8-июндагы президенттин жарлыгы менен ушул 2022-жылдын сентябр айынан баштап бардык мектептерде окутулуп баштады.[5] Жарлыкты ишке ашыруу максатында ушул жылдын 1-сентябрынан баштап мектептерде "Диндердин өнүгүү тарыхы" предметин окутуу каралган.

Концепцияга ылайык бул-предмет заманбап илимий-методикалык ыкмаларга негизделип, биздин өлкөдөгү салттуу диндер жөнүндө билим берүү, окуучулардын дүйнөнү,

[4] “Дин маданиятынын тарыхы’ китебиндеги өксүктөр”, *Азаттык Үналгысы*, 10:23:47Z, blm. Блог-Миңсанат, https://www.azattyk.org/a/din-madaniyatynyn-tarykhy-kitebindegi-oksuktor/32031213.html.

[5] “Окуялар - Кыргыз Республикасынын Президентинин расмий Интернет сайты”, erişim: 04 Haziran 2023, https://www.president.kg/kg/okujalar/22692_kirgizstandin_mektepterinde_2022_2023_okuu_ghilinan_tartip_dinderdin_ng_tarihi_predmeti_kirgizilet.

маданиятты жана адамдын руханий жашоосун таануусуна жардам берүүгө; салттуу диндердин негиздерин билүү, улуттук өзүн таанууну калыптандырууда, колдоодо жана сактоодо, экстремизм идеологиясын жана сабырсыздыкты алдын алууда маанилүү ролду ойнойт. «Диндердин өнүгүү тарыхы» предмети аркылуу балдарга мектепти бүткөнгө чейин эле улуттук жана диний баалуулуктар окутулуп, мамлекеттин көзөмөлүндө жаңы муун тарбиялоо максаты коюлган. Балдар кай жерге барбасын, өзүнүн улуттук жана диний баалуулуктарын жоготуп алуу коркунучтарына бөгөт коюлат.

Атайын жумушчу топ тарабынан иштелип чыккан предметтик стандарттын, Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына, «Кыргыз Республикасынын «Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» Мыйзамга, Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун 2021-жылдын 29-январындагы «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» **№ 1** Жарлыгына,[6] 2021-2026-жылдарга карата өлкөнүн диний чөйрөдөгү мамлекеттик

[6]https://www.president.kg/kg/okujalar/18510_prezident_sadir_ghaparovdun_insandin_ruhaniy_adep_ahlaktik_ngs_ghana_dene_tarbiyasi_ghnnd_gharligi“Окуялар - Кыргыз Республикасынын Президентинин расмий Интернет сайты”.

саясатынын Концепциясына, Кыргыз Республикасында 2021-2040-жылдарда билим берүүнү өнүктүрүү программасына шайкеш келгендиги айтылып келет.

Бүгүнкү күндө мектептерде дин сабагын окутуу маселесинде дин-саясат-светтик үчилтигинин негизинде идеологиялык аспектиде талкуу жүргөнү менен, предметтин илимий педагогикалык жагы  көз жаздымында калып жатат. Сабактын дин таануу адистери/теологдор жана тарыхчылыр тарабынан окутула тургандыгы жарлыкта айтылганы менен азыркы күнгө чейин чечилбей келе жаткан көйгөйлөр бар.

## 1. Дин таануу сабагынын окутуунун негиздери.

Дин сабагын окутуу боюнча дүйнөлүк практиканы карай турган болсок, негизинен "эмне үчүн динди окутуп үйрөтүү керек?" – деген суроого жооп издеп,  диндин жекелик жана коомдук мааниси, коомдун структурасы, маданияттын таасири сыяктуу көптөгөн факторлорду карап, обьективдүү илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыгында төмөнкүдөй негиздерди иштеп чыгышкан.[7]

[7] Siebren Miedema, "'Dinler arası Öğretim İhtiyacı', Din Öğretiminde Yeni Yöntem Arayışları Uluslar arası Sempozyum Bildiri ve Tartışmalar", *MEB*, 28 Mart 2001, 236-247.

Булар: 1) Индивидуалдык-Инсандык Негиз, 2) Коомдук Негиз, 3) Маданий Негиз, 4) Универсалдуу/Жалпы Негиз, 5) Философиялык Негиз 6) Укуктук Негиз[8] сыяктуу динди үйрөтүү жана дин таануу предметинин фундаменттик негиздери жөнүндө кененирээк маалымат берилет.

Бул макалада жогоруда аты аталган негиздердин канчалык негиздүү экендиги талданып, дин сабагын окутууда Кыргызстандын шарттарында кайсы негизге таянып окутула тургандыгы боюнча өзүбуздүн пикирлерди түшүндүрүүгө аракет жасайбыз.

### 1.1. Индивидуалдык-инсандык негиз

Адам баласынын билим алуу жана диний билим алуу укугунун мамлекет тарабынан гарантияга алынышы байыркы мезгилден бери келе жаткан тарыхый чындык. Буга мисал катары Платондун “Res publica” (Мамлекет) деген китебин айтууга болот. Платон бул эмгегинде, мамлекет ар бир жаранына жалпы жана диний билим бериши керектигин айтып өткөн.

[8] Мустафа Көйлү - Сайфулла Базаркулов, *Дин педагогикасы*, 1. Bs (Бишкек: Мегамедиа, 2018), 121.

Бүгүнкү күндө колдонулуп келе жаткан педагогикалык теорияларда, кандай гана идеологиягы таянбасын, билим берүүнүн эң негизги максаты, адам баласын “өз алдынча эркин кылып өстүрүү, өзүн өнүктүргөн адамдарды тарбиялоо жана инсан болууну үйрөтүү” болушу керек. Билим берүүнүн максаты да туура маалыматка ээ болгон жарандарды калыптандыруу болуп саналат. Дин таануу предметинин фундаментин түзүүдө, инсандын өзүн жана анын дин менен болгон байланышын негизги маселе катары каралып, инсандагы бардык потенциалдуу көндүмдөрдү калыптандырып, андан ары өнүктүрүү жана негизги муктаждыктарын тең салмактуу  негизде канааттандыруу – кызматы келет.[9] Бүгүнкү биз жашаган коомдо билим алуу - ар бир жарандын кол тийбес укугу экендиги айныгыс чындык.

“Диний билим алуу/дин сабагы адам баласына керекпи?” – деген суроого, ар бир адамдын билим алуу укугунун негизинде карап, адам баласы табиятынан эле  бир жаратуучуга/динге кызыкдар жана ишенүү сезими бар деген көз караштын тегерегинде карасак болот. Киши, метафизикалык чөйрөгө тиешелүү билинбеген нерселерди

9 Сулейман Акйүрек - Мехмет Коркмаз, *Дин сабагын окутуунун методдору (Окутуу технологиясын колдонуу жана материал иштеп чыгуу)* (Бишкек: Мегамедиа, 2018), 22.

диндин жардамы менен жооп таба алат. Андыктан жыйынтыктап айтканда динди тактап айтканда дин таануу предметин үйрөнүү, кишинин эң негизги инсандык жана жекелик укугу экенин айтууга болот. [10]

### 1.2. Коомдук негиз

Диндин жеке адамга тиешелүү жагы болгондой эле коомдук тарабы дагы бар. Анткени адам өзү жашаган коомдун туундусу болуп, башкача айтканда социалдык жандык болуп эсептелет. Педагогиканын негизги максаттарынан бири, жаңы муунду социалдаштыруу. Мамлекет кишини коомго пайдалуу жаран катары өстүрүп, тарбиялашы керек, бул педагогиканын прагматикалык кызматы деп да айтылат. Социалдаштыруу (социализация) деген процесс, адамдарды ичинде жашаган коомго ыңгайлуу жаран катары өстүрүү же адамдарды өздөрү таандык болгон коомго адаптацияланган, талапка ылайык жашашын камсыз кылуу болуп саналат. Мамлекеттин милдеттүү түрдө окутуусу мына ушул процессти толуктоого жардам берет. Коомго ыңгайлуу жашоо образын түзүүнүн бир бөлүгүн, ошол коомдун баалуулуктарын билүү жана жашоо – түзөт. Өнүккөн коом, материалдык баалуулуктар менен кошо

---

[10] Cemal Tosun, *Din eğitimi bilimine giriş*, 9. Bs (Ankara:Pegem Akademi Yayıncılık, 2017), 95.

руханий баалуулуктар дагы бекемделип, коомдогу жарандарга үйрөтүлгөндө гана түзүлөт. [11]

Дин - жекелик болгондой эле коомдук муктаждык. Анткени жеке инсанды коомдон ажыратып алууга болбойт. Жалгыз жашоо деген нерсе болбогондугу үчүн, жеке инсан менен ал жашаган коомдук түзүлүш жана мекемелердин өз ара байланышы сөзсүз түрдө бар. Мындан сырткары дин, адамдардын өз ара, коомдук жана башка коом менен болгон байланышына таасирин тийгизип турат. Жүрүм-турум менен этикет эрежелеринен баштап адеп-ахлактык принциптер менен бир катар коомдук жашоого тиешелүү болгон бардык негизги эрежелер, дин жана диний адеп-ахлактын жардамы менен түзүлгөн.

### 1.3. Маданий негиз

Ар бир коомдун, өзүнө гана тиешелүү болгон салт санаасы, маданияты, аны башкалардан айырмалап турат. Маданият - белгилүү бир коом тарабынан эзелтеден бери келе жаткан жашоо образы, үмүт, тилек, баалуулук, ишеним, ой-пикир жана сезимдер менен жүрүм-турумга багыт берген адеп-ахлактык эрежелер топтомун айтсак болот. Ар бир маданият,

[11] Recep Kılıç, *Ahlakın Dini Temeli* (Diyanet Vakfı Yayınları, 2012), 25.

материалдык жана руханий негизге таянат.[12] Маданияттын материалдык негизин искусство, архитектура, адабий чыгармалар, кийим кечеге тиешелүү күнүмдүк жашоодо колдонулган курал-жарак жана шаймандар түзөт. Ал эми руханий негиздин ичинде болсо, тил, адеп-ахлак эрежелери, дин, эстетикалык көз караштар, үрп-адат, каада-салт жана аң-сезим ж.б.у.с. өзгөчөлүктөр бар.

Дин руханий негиз катары маданияттын өзөгүн түзүп өнүктүрөт жана коргойт. Дин бир улутка гана тешелүү болгон маданиятты башка маданияттар менен байланыштырып, туунду маданияттарды пайда кылат. Мисалы, Ислам маданияты сыяктуу, бир эле элдин эмес, дүйнө жүзүндөгү бир канча улуттун маданияты менен жуурулушкан маданияттарды айтсак болот. Жогорудагы маалыматтарды эске алуу менен дин таануу сабагын, динди маданияттын бир бөлүгү жана маданияттын ар бир элементине түздөн-түз таасир тийгизген фактор катары мектептерде окутуу керек.[13]

[12] Мустафа Көйлү - Сайфулла Базаркулов, *Дин педагогикасы*, (Бишкек: Мегамедиа, 2018), 114.
[13] С.О. Базаркулов. Билим берүү системасында дин жөнүндө билим берүүнүн зарылчылыгы / С.О. Базаркулов // И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жарчысы. – 2012. – № 6. – 187-191-бб. ISBN 1654-5611.

### 1.4. Универсалдуу/Жалпы негиз

Дүйнөдөгү глобалдашуу жараяны менен бирге акыркы мезгилде Батыш өлкөлөрүндө "Маданияттар аралык педагогика", "Диндер аралык педагогика" сыяктуу жаңы илимий дисциплиналар пайда болду. Бул дисциплиналардын максаты, бири-биринен айырмаланган ар кандай маданий баалуулуктарга ээ болгон адамдардын, биримдикте жана ынтымактуулукта жашаганга себеп болгон факторлорду изилдеп чыгып, маселелерди чечүүнүн жолдорун илктеп жатышат. Так ушул дисциплинардын жардамы менен ар кандай диний жана маданий көз караштар, өз ара диалог кура алышат. Жогорудагы диний окууларда берилген ой-пикирлер – тынчтык, жакшылык кылуу, сый-урмат көрсөтүү сыяктуу, универсалдуу жалпы адамзатка тиешелүү маданияттын баалуулуктарын өнүктүрүүгө багытталган. Баалуулуктардын өнүктүрүлүшүнүн гаранты болсо, бири-биринен таптакыр башка болгон диндерди жана маданияттарды үйрөтүүгө бел байлаган дин тануу предметинин окутулушунда жатат.

### 1.5. Философиялык негиз

Философия, "Адам деген ким?; Дин деген эмне?; Дин таануу сабагынын максаты кандай?; Кимдерге жана эмне үчүн билим берилиши керек?; Мазмуну кандай болушу керек?;

Окуучуларга кандай жана кайсыл маалымат менен баалуулуктар үйрөтүлүшү керек?; Окуучуларга эң биринчи кайсыл адеп-ахлактык жана эстетикалык баалуулуктар үйрөтүлүшү керек?" Мына ушул суроолордун өзөгүн философиялык негиз түзөт. [14]

Жогоруда айтылгандай, диндерди окутуу предметинин программасын түзүп жатканда ар бир сабактын иштелмесинде философия өзгөчө ролду ойнойт. Дин маданияты тарыхы сабагынын программасын пландоо жана андан ары өнүктүрүүдө эмнеге маани берүү керектиги дагы философиянын жардамы менен ишке ашат. Ошондуктан мектепте окутула турган программа иштелип чыгар алдында, дин таануу предметтери да эске алынышы керек.[15]

Ар бир мамлекет, билим берүү системасы аркылуу тарбиялап өстүргүсү келген "адамдын моделин" пландайт. Өлкөнүн алдыга койгон максаты, мамлекеттик билим берүү системасынын калыптанышында маанилүү роль ойнойт жана бул иш-аракет улуттук билим берүү багыты деп аталат. Билим

[14] Tosun, *Din eğitimi bilimine giriş*, 97.
[15] Recep Kılıç, "'Din Öğretimini Temellendirme Problemi', Yıl: 1999, C: 40.", *A.Ü.İ.F.D* 40 (1999): 221.

берүү саясатынын түптөлүшүндө, улуттук жана мамлекеттик баалуулуктар негизги ролду элейт.

“2020-жылга чейин Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы” билим берүүнү, көп түрдүүлүктү биримдикке чакырган негиз катары этникалык, маданий жана диний жаатта улуттук бөтөнчөлүк жана маданияттын көп түрдүүлүн колдогон система катары баалайт. Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен Билим Берүү Мыйзамында диний билим берүү жалпы билим берүүгө кирбейт, бирок радикалисттин көз караштагы диний агымдардын мыйзамсыз иш аракеттерин жана диндер аралык пикир келишпестиктин алдын алуу максатында келечек муундун диний сабатсыздыгын жоюу максатында мектепте дин жөнүндө маалымат берген сабак окутулушу мүмкүн экендиги жазылган.

“2020-жылга чейин Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы” таалим-тарбияны, улуттук стратегия катары балоо менен бирге, мамлекеттин көзөмөлүндө өткөрүп, инсандык жана улуттук каада-салт менен жөрөлгөнүн натыйжасында пайда болгон маданиятты, социалдык-тарыхый тажрыйбаны, адеп-ахлакты ошондой эле үрп-адаттарды жаңы муунга өткөрүп берүү катары таанайт.

Мектеп Окуучуларын жана Өспүрүмдөрдү Тарбиялап Өстүрүү концепциясынын 7-пункту Тарбиялоонун негизги аспекттери деген кошумча сөз башында, "Ыйман Тарбиясы" деген бөлүмдө, жаш баланын акылдуу жана мээримдүү болушу, диний ишенимине айкалышкан тарбияга гана байланыштуу экени жана ыймандуу, кыраакы болуп өскөн баланын – коомдун жана инсаний жүрүм-турум нормаларын өзү үйрөнүп, талдап чыга алышы айтылган.

### 1.6. Укуктук негиз

Дин таануу/дин маданиятынын тарыхы предметинин укуктук негиздерин, "укук" термини жана "юридикалык тексттердин" негизинде талдоого болот. Эң негизгиси ар бир адам, ишеним тутуу жана ишеними тууралуу үйрөнүү укугуна ээ. Билим алуу укугу негизги укук болгондуктан, Кыргызстанда дагы билим алуу укугу негизги укук болуп, бул укук бир топ мыйзам менен укуктук негизге таянат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, ар бир жарандын абаийир жана дин тутуу эркиндиги кепилденген.[16] Кыргыз Республикасынын "Дин Тутуу

---

[16] "2021-жылдын 5-майындагы 'Кыргыз Республикасынын Конституциясы' (2021- жылдын 11-апрелиндеги референдумда (бүткүл элдик добушунда)

Эркиндиги жана Диний Уюмдар Жөнүндөгү" Мыйзамынын 6-Беренесинин 8-бөлүкчөсүндө: "Эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбесе, жалпы билим берүү мүнөзүндөгү дин таанытуучу сабактарды мамлекеттик окуу жайлардын программасына киргизсе болот." – деп айтылган.

Улуттар Аралык Экономиналык, Социалдык жана Маданий Укуктар Жөнүндөгү Келишимдин 13-Беренесинин 3-бөлүкчөсүндө: "Бул келишимге кол койгон өлкөлөр, ата-энесинин же алардын ордун ээлегендердин ишенимине жараша, перзенттерине диний жана ахлактык жактан билим алуусун камсыз кылуу жоопкерчилигин мойнуна алат." – деп айтылган. Кыргыз Республикасы дагы мына ушул келишимге кол койгон жана диний билим берүү жоопкерчилигин мойнуна алган.

Жогорудагы маалыматтарга ылайык Кыргыз Республикасынын Конституциясынын бир канча беренесинде, дин тутуу эркиндигинин кепилдикке алынганы жана жалпы билим берүү системасында, дин жөнүндө билим берүүгө жол

---

кабыл алынган)", 34-берене, erişim: 09 Haziran 2023, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/112213?cl=ky-kg.

берилип, мектептерде дин таануу сабагын окутууга уруксат берилгенин көрүүгө болот.

Улуттар аралык келишимдин жалпылоочу келишими, Адам Укугунун Универсалдуу Декларациясынын 18-беренесине ылайык, келишимге кол койгон ар бир өлкөдө, дин тутуу эркиндиги жана дин таануу сабагын окутуу ишке ашырылышын көзөмөлгө алат жана төмөнкүдөй маалыматтар айтылат:

“Ар ким ой жүгүртүү жана дин тутуу эркиндигине ээ; ар ким динин же ишенимин өзгөртүүгө дагы укуктуу. Бул эле эмес ар ким динин өз алдынча же башкалар менен бирдикте, обочо жерде же болбосо көпчүлүктүн назарында үйрөтүүгө, окутууга, иш жүзүнө аткарууга, ибадат кылууга жана салтанат катары өткөрүүгө толугу менен укуктуу.”

Адам укуктары менен Негизги эркиндиктеринин сакталышы жөнүндөгү Европа конвенциясынын 9-беренесинде болсо төмөнкү пункттар жазылган:

“Ар ким ой жүгүртүү жана дин тутуу эркиндигине ээ. Бул укук, адамдарга динин же көз карашын өзгөртүү; обочо жерде же көпчүлүккө ачык жерде ибадат кылуу, диний салтанат өткөрүү; өз алдынча же башкалар менен бирдикте диний

ишеними менен көз карашын билдирүү эркиндигин камсыз кылат."[17]

Конституция, келишим, декларация, конвенцияларда,[18] рапорт жана изилдөө иштеринде, мектептерде динди окутуунун жана дин таануу сабагын үйрөтүүнүн керектиги жөнүндө кеп кылуу максатка ылайык. Демек:

- Дин таануу сабагын мектепке киргизүү дайыма колдоого алынган;

- Мектептеги дин таануу сабагы, диндин өз ара жана башка диндер менен байланышын көрсөткөн көп түрдүүлүктү чагылдырышы керек;

- Мектептеги дин таануу сабагынын методу, диний-теологиялык өзгөчөлүктө эмес, педагогикалык негизге ылайык түзүлүшү жана дин таануу сабагы белгилүү бир диндин эмес, жалпы педагогиканын бир бөлүгү катары бааланышы керек;

- Дин таануу сабагы, жашоодогу диндин чен өлчөмүн аныктоо менен бирге окуучуга өзү ишенген дин (жашаган дин)

---

[17] С.О. Базаркулов. Билим берүү системасында дин жөнүндө билим берүүнүн зарылчылыгы / С.О. Базаркулов // И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жарчысы. – 2012. – № 6. – 187-191-бб. ISBN 1654-5611.

[18] "Европейская Конвенция о защите прав человека: право и практика", erişim: 09 Haziran 2023, http://www.echr.ru/documents/doc/2440800/2440800-002.htm.

менен бир катар башка диндер жөнүндө так маалымат бериши керек;

- Дин таануу сабагы, адамдын жашоосунда жана коомдо диндин бар экенин жана динге тиешелүү ахлактык жүрүм-турум нормаларын үйрөтүшү керек;

- Дин таануу сабагы, диний маалымат менен кошо диний тажрыйбаларды жаңы муунга өткөрүп бериши керек;

- Дин таануу сабагы, диндарлыкты эмес, динди үйрөнүп, түшүнүүнү максатка айландырышы керек;

- Дин таануу сабагы коомдук маанилүүлүккө ээ болгону үчүн коомдук муктаждыктарына ылайык түрдө үйрөтүлүшү керек;

- Дин таануу сабагы, мазхаптар менен диндер аралык ийкемдүүлүккө ээ болушу жана көп түрдүүлүк принцибин унутпашы керек;

- Дин таануу сабагын окуткан мугалимдер, өздөрүн да сын көз караш менен карай ала турган деңгээлде болушу зарыл.

Жогоруда айтылган укуктук негизге таянып, эл аралык декларация жана келишимдер, мектептерде дин таануу сабагынын окутулушун адамдын негизги укугу катары кабыл

алат жана мындай дин тануу/дин маданиятынын тарыхы предмети көп түрдүүлүктү (плюралисттик) негиз алуу керек.

## 2. Дин сабагын окутуу боюнча дүйнөдө колдонулган моделдер

Дин, инсандын рухий-ыймандык-ишеним дүйнөсүнө таасир этүү менен бүтүндөй көз карашынын калыптануусунда, жашоосунун маани- маңызын аңдап-түшүнүп жашоо, тирүүлүк, өлүм сыяктуу абстрактуу түшүнүктөрдүн калыптандырган негизги феномендерден бири болуп саналат. Диндин максаты - адамды жакшы менен жаманды айырмалап, жеке жана коомдук милдеттерин ачык айкын түшүндүрүп, адеп-ахлактуу, жакшы адам болууга үндөө.

Дүйнөдөгү ааламдашуу, санариптештирүү жараяны жана жаңы технологиялар коомдук-саясий чөйрөнүн аябагандай тездик менен өзгөрүшүнө алып келди. Бул жараяндан Кыргыз мамлекети да четте калган жок. Натыйжада өлкөбүздө Конституцияга жарандардын динге ишенүү же ишенбөө эркиндигин камсыздаган жоболор киргизилип, «Кыргыз Республикасынын «Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» (1991-ж.) Мыйзамы жана башка мыйзамдык актылар кабыл алынып, мыйзамдык база эл аралык укуктук нормаларга

шайкеш келтирилди. 2019-жылдын 21-декабрында № 140 «Кыргыз Республикасынын «Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» жаңы редакциядагы Мыйзамы кабыл алынды.[19]

Өлкөдө дин тутуу эркиндигин берилиши жана коомдогу саясий шарттардын ыңгайлуу болушу, түрдүү диндердин өкүлдөрү эле эмес, мурда белгисиз, чет өлкөлөрдө тыюу салынган деструктивдик, радикалдуу жана диний агымдар да пайда болушуна шарт түздү. Мындан улам диний уюмдардын иштөөсүн, өлкөдөгү мамлекетттик-конфессионалдык мамилелерди жөнгө салуучу мыйзамдык базаны калыптандыруу зарылдыгы пайда болду. Кыргыз коомундагы көп жылдардан бери көйгөй катары айтылып келе жаткан дин сабагы эгемендүүлүктүн отузунчу жылында расмий түрдө мектеп программасына киргизилди.

[19] “2014-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын КОНЦЕПЦИЯСЫ" (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2014-жылдын 14-ноябрындагы ПЖ № 203 Жарлыгы менен бекитилген)”. Бул мыйзам 2008-жылы бекитилген. http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/202498

## 2.1. Окутуу моделдеринин калыптануусунда таасир эткен факторлор

Модернизмдин жана индустриялашуу доорунун натыйжасында мектептер массалык түрдө мамлекеттик болуп калыптанган. Бул жараян дин сабагына да таасирин тийгизип, анын ар кандай моделдерде окутулушун шарттаган.[20] Бир гана СССРдеги мектептерде идеологиялык жана саясий негиздерден улам дин окутулбай келген. Дин сабагын окутуу боюнча Батышта колдонулган моделдердин пайда болушуна себеп болгон факторлорду изилдей баштаганда төмөнкүдөй себептерди көрдүк. Экинчи дүйнөлүк согуштун аякташы менен 1950-жылдардан баштап дүйнөдөгү ар кайсы өлкөлөрүнөн, түрдүү улуттардан, ар кандай диний ишенимдеги адамдар Европа мамлекеттерине миграциялык саясаттын негизинде жумушчу катары көчүп барышкан. Бул миграциялык абал, алардын билим берүү тармагына таасирин тийгизип, жыйынтыгында дин сабагын окутууда реформа жасоого аргасыз болушкан.

Дин сабагынын окуу программасында орун алуусунда төмөнкү факторлор таасир эткен: Мамлекеттик башкаруучулук

---

[20] Tosun, *Din eğitimi bilimine giriş*, 115-121.

түшүнүгү, мамлекеттин диний жашоого, диний уюм, жамааттарга карата болгон көз карашы, мамлекеттик расмий диндин болуш, жарандардын бир динге ынануусу, башка дин жана анын өкүлдөрүнө болгон мамилеси дин сабагын окутуу моделинин тандалышына таасир эткен. Коомдук жана диний маданий түзүлүшү, өлкө жарандарынын тутунган дини жана маданиятынын бир тектүү же козмополит, көп конфессиялуу коомдук түзүлүш да дин сабагын окутуу моделине олуттуу таасир эткен. Дин сабагын окутуу же тыюу салууда өлкөнүн тарыхындагы, рухий жана материалдык маданиятындагы диндин ролу негизги ролду ойногон. Мисалы: Европа мамлекеттеринен Ирланда жана Польшада дин менен маданияттын ортосундагы тыгыз байланыштын негизинде дин, улуттук кимлик/иденттүүлүктүн негизги бөлүгү катары кабылданат. Ошондуктан мектептерде Христиан дини басымдуулук кылат. Ал эми Щвеция жана Голландияда болсо коом секулярдык көз карашты бекем кармашат.[21]

Кыргызстан ааламдашуу доорунда дүйнөдө болуп жаткан жараяндардан четте кала албайт. Кайсы окутуу моделин албайлы, ал сөзсүз түрдө ошол коомдогу реалдуулук жана

---

[21] С. Базаркулов, "История преподавания урок этики / // E-Scio. – 2021. – № 2(53). – С. 675-680. – EDN CXJZQE." 2/53 (2021): 675-680.

саясий экономикалык шарттардын негизинде гана тандалып алынат. Дин сабагын окутуу боюнча дүйнөлүк моделдерди карап, бул тема боюнча жазылган илимий изилдөөлөрду караган учурда төмөнкү моделдерди көрдүк:

*Жалпы диндердин тарыхын окуткан плюралисттик модел, феномендик модел, бир динге же бир мазхабга карата/ окутуу сыяктуу моделдер* бар. Дин сабагын окутуу боюнча Батышта иштелип чыккан бул моделдердин жекече жана социалдык таасирлерин карап, практикадагы ийгиликтүү жана чектелүү жактарынын бар экендигин эске алуу кажет.

Бирмингем университетинде дин педагогикасы боюнча профессор Джон Хул (John M. Hull) дин сабагын окутуу боюнча Америка жана Европа мамлекеттериндеги окутулуп келе жаткан 3 моделди сунуштайт.[22]

1) Диний үйрөнүү (Learning Religion), Бул моделде киши өзү ишенген диндин ишеним негиздерин окуйт. Башкача айтканда киши бир гана диндин эреже нормаларын үйрөнөт. Бул модел этникалык жактан аз болгон элдерде колдонулса болот.

---

[22] Yıldız Kizilabdullah - Tuğrul Yürük, "Din Eğitimi Modelleri Çerçevesinde Türkiye'deki Din Eğitimi Üzerine Genel Bir Değerlendirme", *Dini Araştırmalar* 11/32 (01 Haziran 2008): 108.

2) Дин жөнүндө үйрөнүү( Learning about Religion) Бир дин жөнүндө изилдеп окуп үйрөнүү модели. Бул моделде динди бир дисциплина катары үйрөнүп башка диндер менен салыштырып окшоштук жана айырмачылыктарын үйрөтөт. Бул модел көбүнчө көп улуттун өкүлдөрүнөн турган дин таануу негиз алынган жана коомдогу ар түрдүү дин тутунгандарга арналган, бардык улуттарга бирдей караган демократиялык коомдорго мүнөздүү болуп, Англия жана Норвегия сыяктуу мамлекеттерде колдонулуп келет. Бул моделдин да өзүнө ылайык ийгиликтүү жана чектелүү жактары бар.[23]

3) Динден үйрөнүү (Learning from Religion) Бул моделде, кишиге бир динди же мазхапты окутпастан, жалпы диндердеги адамзатка тиешелүү динден педагогикалык жактан пайдалануу максатында орток баалуулуктарды үйрөтүү негизги максат болот. Ошондуктан бул моделди диндер  сабагы деп атагандар да бар.

Кыргызстандагы  бүгүнкү күндө окутулуп жаткан "Дин маданиятынын тарыхы сабыгы" өлкөнүн көп улуттуу жана башка ишенимдеги кишилер да  эске алынып менин оюмча ***жалпы диндик негизде окутуу моделине*** негизделген. Буга

[23] Базаркулов, С. О. Феноменологический подход к обучению религии в школе / С. О. Базаркулов // E-Scio. – 2021. – № 2(53). – С. 498-502. – EDN QZXAAN.

ылайык сабактын программасын/стандартын, мазмунун мамлекет өзү атайын жумушчу топ же эксперттер тарабынан даярдап, экспертизадан өткөрүлүп окутулуп жатат.

**Корутунду**

Дин таануу сабагын көп өңүттөн негиздесе болот. Киши өзү жашаган коомдун түшүнүгүнө карата эч кандай диний билим албаса да, жаратканды бар экенине өзүнчө ишенип, аны менен байланышуунун жолдорун издеп баштайт жана кудай (жараткан) менен болгон муктаждыгын түрдүү жолдор менен канааттандырууга аракет кылат.

Дин бул адам баласынын муктаждыгы болуп саналат. Мына ушуга ылайык мамлекет укуктук жактан дин таануу сабагын окутууну кепилдикке алат. Адамдын жекече жана коомдук муктаждыктарын, юридикалык негизде канааттандырууга аракет кылат. Адамдардын диний жаатта бири-бирин жакындан таанып-билүүлөрү жана толеранттуулуктун негизинде мамиле куруулары керек болот. Бул контекстке ылайык адамдар алгач өзү ишенген динди туура жана так үйрөнүшү керек, андан кийин гана байланыш кура турган маданияттар жөнүндө маалымат алышы керек экендигин унутпоо абзел. Дин сабагынын калыптануусунда

өлкөнүн тарыхындагы диний көз караш, социалдык-экономикалык шарттарга көз каранды. Өлкөдөгү саясий стабилдүүлүк менен диний стабилдүүлүк бир-бири менен тыгыз байланышта болот.

Кыргызстанда дин сабагын окутуу маселесинде кайсы бир мамлекеттердин моделдерин пайдаланып, коомдогу реалдуу шарттардын талабына карап, плюралисттик көз караштарды карманып, улуттук диний билим берүү моделин иштеп чыгуу керек.

**Колдонулган адабияттар**

"'2014-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын КОНЦЕПЦИЯСЫ' (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2014-жылдын 14-ноябрындагы ПЖ № 203 Жарлыгы менен бекитилген)". Erişim: 04 Haziran 2023. http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/68294.

"2021-жылдын 5-майындагы 'Кыргыз Республикасынын Конституциясы' (2021- жылдын 11-апрелиндеги референдумда (бүткүл элдик добушунда) кабыл алынган)". Erişim: 09 Haziran 2023. http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/112213?cl=ky-kg.

Kılıç, Recep. *Ahlakın Dini Temeli*. Diyanet Vakfı Yayınları, 2012.

Kılıç, Recep. "'Din Öğretimini Temellendirme Problemi',., Yıl: 1999, C: 40." *A.Ü.İ.F.D* 40 (1999).

Kizilabdullah, Yıldız - Yürük, Tuğrul. "Din Eğitimi Modelleri Çerçevesinde Türkiye'deki Din Eğitimi Üzerine Genel Bir Değerlendirme". *Dini Araştırmalar* 11/32 (01 Haziran 2008): 107-130. https://dergipark.org.tr/tr/pub/da/issue/4469/61639.

Miedema, Siebren. "'Dinler arası Öğretim İhtiyacı', Din Öğretiminde Yeni Yöntem Arayışları Uluslar arası Sempozyum Bildiri ve Tartışmalar". *MEB*. 28 Mart 2001. 236-247.

Tosun, Cemal. *Din eğitimi bilimine giriş*. 9. Bs. Ankara:Pegem Akademi Yayıncılık, 2017. https://doi.org/10.14527/9789756802571.

Акийүрек, Сулейман - Коркмаз, Мехмет. *Дин сабагын окутуунун методдору (Окутуу технологиясын колдонуу жана материал иштеп чыгуу)*. Бишкек: Мегамедиа, 2018.

“Европейская Конвенция о защите прав человека: право и практика”. Erişim: 09 Haziran 2023. http://www.echr.ru/documents/doc/2440800/2440800-002.htm.

Көйлү, Мустафа - Базаркулов, Сайфулла. *Дин педагогикасы*. 1. Bs. Бишкек: Мегамедиа, 2018.

“Окуялар - Кыргыз Республикасынын Президентинин расмий Интернет сайты”. Erişim: 04 Haziran 2023. https://www.president.kg/kg/okujalar/22692_kirgizstandin_mekteptterinde_2022_2023_okuu_ghilinan_tartip_dinderdin_ng_tarihi_predmeti_kirgizilet.

Онорбаевич, Базаркулов Сайфулла. “ИСТОРИЯ ПРЕПОДАВАНИЯ УРОК ЭТИКИ”. *E-Scio*. 2 (53) (2021): 675-680. https://cyberleninka.ru/article/n/istoriya-prepodavaniya-urok-etiki.

С. Базаркулов. “История преподавания урок этики / // E-Scio. – 2021. – № 2(53). – С. 675-680. – EDN CXJZQE.” 2/53 (2021): 675-680.

Эе/Аү. “‘Дин маданиятынын тарыхы’ китебиндеги өксүктөр”. *Азаттык Үналгысы*. 10:23:47Z. blm. Блог-Миңсанат.

https://www.azattyk.org/a/din-madaniyatynyn-tarykhy-kitebindegi-oksuktor/32031213.html.

Oş Devlet Ünıversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
33. sayı 2022

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
33-саны 2022

## KİTAP İNCELEMESİ / BOOK REVIEW

Mehmet DERİ*

Prof. Dr. Mustafa Demirci, **Siyah Öfke: Ortaçağ İslâm Dünyasında Zenci Kölelerin İsyanı (869-883),** Çizgi Kitabevi Yayınları, 3. Baskı, Konya 2021, 318 Sayfa, ISBN: 978-605-1960-27-2

**Öz**

Abbasîler döneminde, miladi 869-883 arasında gerçekleşen ve Şii lider Ali b. Muhammed'in başını çektiği 'zenci isyanı' üzerine Prof. Dr. Mustafa Demirci'nin kaleme almış olduğu "Siyah Öfke: Ortaçağ İslâm Dünyasında Zenci Kölelerin İsyanı (869-883)" başlıklı monografi çalışması; hem konusu hem de yazarın meseleyi ele alış tarzı ve bakış açısı bakımından önemli çalışmaların başında gelmektedir.

Konuyla ilgili temel kaynaklar ve modern araştırmalar kullanılarak zengin bir akademik literatürle hazırlanmış olan çalışmada; olayın gerçekleştiği coğrafya, isyanın sebepleri ve yaygınlaşması, isyanı bastırmak için yapılan savaşlar ve savaş teknikleri, isyanın geride bıraktığı hasarın kısa ve uzun vadeli etkileri gibi konular kronolojik sıraya göre akademik bir perspektiften ele alınmıştır.

* Editör, Rağbet Yayınları, İstanbul, Türkiye. mehmet.deri@gmail.com

Zenci ayaklanması, aslen beyaz olan ve Hz. Ali'nin soyundan geldiğini öne süren Ali b. Muhammed'in (ö. 883), Basra ve çevresindeki büyük çiftliklerde zor şartlar altında çalışan zenci köleleri organize etmesi sonucu 869'da Basra bataklıklarında başlamış ve isyan kısa sürede büyüyerek yayılmıştır. İsyanı bastırmakla görevlendirilen Abbasî Halifesi Mu'temid Alallâh'ın (843-892) kardeşi Muvaffak Billâh (843-891), çetin mücadelelerden sonra âsilere karşı galip gelmiş, isyanın lideri Ali b. Muhammed'in 883 yılında öldürülmesiyle isyan sona ermiştir.

**Anahtar Kelimeler:** Abbasîler, Ali bin Muhammed, zenci, isyan, köle.

İnceleyeceğimiz eser; giriş, dört bölüm ve sonuç kısmından oluşmaktadır:

Giriş kısmında (s. 1-32); araştırmanın amacı, önemi, gerekçesi, takip edilen metot ve kullanılan kaynaklar hakkında bilgi verilmiş; ayrıca zenci isyanı öncesi Abbasî Devletinin durumuna değinilmiştir.

Birinci Bölümde (s. 33-88); *"İsyanın Sebepleri ve Kökleri"* başlığı ile öncelikli olarak isyanın çıktığı coğrafya, bataklık bölgenin tabiî özellikleri, bu tabiî özelliklerin verdiği iktisadî imkânlar, bu imkânların ürettiği sosyal gruplar ve yapılar ortaya konulmaya çalışılmıştır. Emevîler döneminde Basra yakınlarında bataklığın kurutulmasıyla oluşturulan büyük çiftliklerin ortaya çıkışına işaret

edilmiş, sonrasında ise Abbasîler dönemi ile birlikte ticarî sermayenin de bölgede toprağa yönelmesine bağlı olarak ticarî amaçlı çiftliklerin kuruluşu ve bu çiftliklerde ihtiyaç duyulan iş gücünü karşılamak için kölelerin bölgeye getirilmesi ve istihdam edilmeleri incelenmektedir. Yine bu bölümde, isyana giden sürecin altyapısı ve isyanla ilgili belli başlı kilometre taşlarına da değinilmiştir.

İkinci Bölümde (s. 89-166); "*İsyanın Başlaması ve En Parlak Yılları*" başlığı altında, isyanın lideri Ali b. Muhammed'in hayatı hakkında kısaca bilgi verildikten sonra, kendisini böyle bir isyana sürükleyen gelişmeleri, isyanın hemen öncesinde Abbasîlerin içinden geçtiği süreçle bağlantılı bir şekilde ortaya konulmaya çalışılmıştır. Ardından Ali b. Muhammed'in Bahreyn'e gidişi, buradaki ilk teşebbüslerinden, isyanı fiilen başlattığı zamana kadarki geçen beş yıllık süre içinde yaşananlar ele alınmıştır. Daha sonra isyanın fiilen başlaması, isyancıların güçlenmesi ve Abbasîler karşısında yenilmez bir güç haline gelerek aşağı Irak şehirlerini tahrip etmeleri kronolojik bir sıraya göre incelenmiştir.

Üçüncü Bölüm (s. 167-222); "*İsyanın Bastırılması*" başlığını taşımakta olup bu bölümde, isyanın bastırılması ile ilgili kaynakların verdiği detaylı bilgilerin özet bir şekilde anlatılmıştır. Zencilerin

kurduğu şehirlerin, Abbasîler tarafından kuşatılmasıyla başlayan ve dört yıl süren çetin bir mücadelenin tasvirî bir anlatımı yapılmıştır.

Muvaffak-Billâh komutasındaki Abbasî ordusu, iyi bir strateji izleyerek isyancı zencilerin kurmuş olduğu Muhtâre adlı başkentte âsileri kuşatmış, meydana gelen şiddetli çatışmalardan sonra şehrin düşürülmesi ve zenci lideri Ali b. Muhammed'in öldürülmesiyle isyanın son bulduğu âna kadarki geçen süre -üç yıl- içinde yaşanan hâdiseler anlatılmıştır. Yine bu bölümde, yaşanan olayların canlı tasvirleriyle bir anlamda okuyucuyu o devrin şartları içine çekerek olaylara tarihin içinden bakma imkânı verilmektedir.

Dördüncü Bölümde (s. 223-276); *"Zenci İsyanının Teşkilat Yapısı ve Etkileri"* başlığı ile isyancıların iç düzenleri ve teşkilat yapılarıyla ilgili bilgiler verilmiştir. Bu bölümde zenci liderinin fikirleri, programı ve mezhebî görüşleri ele alınarak Şiilik ve Hâricîlik karışımı fikirleri öne süren zencilerin gerçek inancının ne olduğu tespit edilmeye çalışılmıştır. Daha sonra isyancıların siyasî, askerî ve idarî teşkilatları ile bu alanda kendilerine ait hususiyetleri araştırılmıştır. İsyancıların iktisadî kaynakları; bedeviler, köylüler ve tüccarlar gibi diğer sosyal gruplarla kurmuş oldukları ekonomik ilişkiler yine bu bölümde ele alınan başlıca konulardandır.

Yine bu bölümde ele alınan bir diğer konu ise isyanın etkileri meselesidir. Zenci isyanının dağılma sürecine girmiş olan Abbasîleri

nasıl etkilediği, merkezî otoritedeki zaafiyet belirtileri, iktisadî ve mâlî yapısındaki daralmanın bu isyanla olan ilişkisi sorgulanmıştır. Ayrıca isyan süresince öldürülen ya da yerini terk eden insan sayısı, isyanın sosyal ve iktisadî etkilerine değinilmiştir. Bu bağlamda zenci isyanının son yıllarında aynı bölgede ortaya çıkan Karmatîler ile zencilerin ilişkisine dair tartışmalar gündeme getirilerek zencilerin Karmatîlerin çıkışındaki rolü sorgulanmıştır.

Çalışmanın sonuç (s. 277-280) kısmında ise çalışmanın genel bir değerlendirmesi yapılarak çalışmaya son verilmiştir.

Netice itibariyle ifade edilecek olursa çalışma; zengin bir akademik literatür kullanılarak hazırlanmış olması, alanında yapılan ilk çalışmalardan olması, konuların bütüncül ve sistematik bir şekilde ele alınması, yazarının konuya olan hakimiyeti, özgün yorumları ve değerlendirmeleri, kendi alanında daha sonra yapılacak akademik araştırmalara ciddi bir literatür katkısı sunması nedeniyle alana ilgi duyan akademisyenler ve araştırmacılar için önemli bir başvuru kaynağı niteliğine sahiptir.